КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ ТАЛАССКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com
Shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин VIII чакырылыштагы кезектеги XIX сессиясынын №42/19-8 ТОКТОМУ

**27-декабрь,2022-жыл** **Талас шаары**

**Талас шаарындагы №7 орто мектебинин окуу корпустарын ондоп түзөө жумуштарына дем берүүчү үлүштүк грантардын эсебинен жалпы суммасы 3 632 153 анын 20 пайыздык өздүк салымы үчүн 726 430 сомго эсептелген акча каражатын Талас шаарынын 2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттен каржылоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 2-пункту, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 токтому менен бекитилген “Үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө” жобосунун 3-пунктунун 21-пунктчасына ылайык, Талас шаарынын мэриясынын 27.12.2022-жылдагы №01-19/3970 чыгыш сандуу катынын негизинде карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Талас шаарындагы № 7 орто мектебинин окуу корпустарын оңдоп түзөө жумуштарына дем берүүчү үлүштүк гранттардын эсебинен жалпы суммасы 3 632 153 сом, анын 20 пайыздык өздүк салымы үчүн 726 430 сомго эсептелген акча каражаты Талас шаарынын 2023-жылга карата жергиликтүү бюджетинин эсебинен каралып берилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө жагы Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (А.Сариева) тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Депутаттардын Талас шаардык кенешинин “Бюджет жана муниципалдык менчикти башкаруу” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасына (Ж.Иманалиев) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Жусупбеков**